*УДК 371.3:378.1*
*DOI:10.35254/bhu/16948386_2021_56_57_151*

***Чойбекова Э. Ш.,***
*Кыргыз Республикасы Эл аралык Университети*

# ЧЕТ ТИЛИ АРКЫЛУУ БОЛОЧОК АДИСТЕРДИН СОЦИАЛДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

***Кыскача мазмуну***

*Бул макалада, чет тилин окутуу процесси социалдык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн эн маанилүү каражаты болуп, келечектеги кесиптин ээси боло турган болочок адистердин чет тилди билүү көндүмү чагылдырылган. Макалада социалдык компетентүүлүктүн негизги түшүнүктөрү жана шарттары, ошондой эле социалдык компетентүүлүктү калыптандыруудагы "Чет тили" предметинин ролу жөнүндө сөз болот. Бул макаланын максаты – чет тилин окутуу процессинде болочок адистердин социалдык компетентүүлүгүн өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн негиздөө. Социалдык компетентүүлүктү өнүктүрүү, бөтөн тилди үйрөнүүнүн ар кандай баскычтарында билим деңгээлин жогорулатышы мүмкүн. Биздин тилде социалдык компетентүүлүктүн мазмуну толук баяндоонун жоктугу, чет тилин максаттуу окутууда жана социалдык компетентүүлүктүн белгилүү деңгээлине жетүүдө чет тили байланыш жана таанып билүү каражаты катары колдонууда кыйынчылыктарды жаратат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *чет тилин окутуу, компетенттүүлүк, социалдык компетенттүүлүк, компетенттүүлүк мамилеси, келечектеги адис.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ РАЗВИТИЕ СОЦИАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ СРЕДСТВАМИ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА

***Аннотация***

*В этой статье описывается , процесс обучения иностранному языку, что является одной из главных средств развития социальной компетентности будуших специалистов, которые станут будущими профессионалами по соответсвующими профилям. В статье рассматриваются основные понятия социальной компетенции, а так же роль предмета "иностранный язык" в развитии социальной компетенции. Цель данного статьи состоит в обосновании возможностей развития социальной компетенции будущих специалистов средствами инностранного языка. Развитие социальной компетенции может повысить уровень знаний обучения на разных этапах обучения инностранному языку, отсутствие подробного описания содержания социальной компетенции на нашем языке затрудняет реализацию основной цели обучения иностранным языкам достижения определенного уровня развития социальной компетенции, позволяешего использовать иностранный язык как средство общения и познания.*

***Ключевые слова:*** *обучение иностранному языку, компетенция, социальная компетенция, компетентностный подход, будущий специалист.*

# PEDAGOGICAL CONDITIONS OF THE DEVELOPMENT OF SOCIAL COMPETENCIES OF FUTURE SPECIALISTS BY USING FOREIGN LANGUAGE

***Abstract***

*This article describes the process of learning a foreign language that has become one of the reasons for the formation of social competencies of future specialist to improve their skills to become future professional. The article is devoted to the basic concepts of, as well as the role of the subject 'foreign' in the development. The purpose of this article is to substantiate the development of future specialist social competence in teaching foreign language. The development of social competence can increase the level of knowledge stages of learning foreign language. The lack of detailed description of the content of social competence in our language impedes to realize the main goal of teaching foreign languages which allows using foreign language as a means of communication and cognition.*

***Key words:*** *foreign language, competence, social competence, competence- based approach, future specialist.*

Биздин өлкөдөгү узак убакыт бою чет тилине байланыштуу илимий изилдөөлөрдө филологиялык предметти окутуу ыкмасына жасалып келген. Ошондуктан бир типтүү көрүнүштөрдү жолуктурууга болот: грамматиканын эрежелерин мыкты билүү, адабий тексттерди түшүнө билүү, бирок кеп жөндөмдүүлүктөрү сүйлөө көндүмдөрү канаатандырарлык болбой келген. Бирок, өзгөргөн коомго мүнөздүү ааламдашуу, сүйлөө билүү социалдык компетенттүүлүктү өнүктүрүү талабын актуалдаштырууда. [2, 3-б.]. Социалдык- экономикалык маданий шарттар, келечектеги адистерди чет тилинде жетишерлик деңгээлде жандуу табигый түрдө туура сүйлөөгө, жазуу жүзүндө өзүнүн ойлорун билдирүүгө жана келечектеги кесибинин алкагында пайдалана билүү, терминдерди колдонуу менен социалдык-психологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруу зарыл экендгин көрсөтүүдө. Бирок, чет тили боюнча эски үлгүдөгү окуу китептери социалдык-психологиялык, коммуникативдик компетенттүүлүктөрдү керектүү калыптандырууга мүмкүнчүлүк бербейт. [3, 3-б.]. Акыркы мезгилде сүйлөө жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү

максатында окуу китептери пайда болууда. Бул китептер аркылуу студенттер коомдук мамилелер, айлана-чөйрөнү коргоо, чет өлкөлүк тажрыйбасы менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууда. Ошол эле учурда илимий изилдөөлөр жана окуу процессинин практикасын байкоо ЖОЖдордогу кесиптик билим берүүдө бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-кесиптик жактан даярдыгынын жетишсиз экендиктерин көрсөтүүдө. Андай проблемалар социалдык компетенттүүлүктү калыптандырууда чет тили сабактары жетиштүү изилдене электигин, тексттик багыттагы материалдарды түзүүдө; методологиялык критерийлерди иштеп чыгуу маселелерин камтыйт. [6, 7-б.].

Социалдык компетенттүүлүк маселесине келгенде Кыргыз Республикасынын окумуштууларынын жогорку билим берүү системасын өркүндөтүү, анын ичинде компетенттүүлүк мамилесине байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүгө олуттуу салымына карабастан (Н. А. Асипова, К. Д. Добаев, Н. К. Дюшеева, А. Т. Калдыбаева, А. М. Мамытов, А. К. Наркозиев, Т. В. Панкова, А. С. Раимкулова жана башкалар), чет тилин окутууда студенттердин социалдык компетенттүүлүктү калыптандырууну атайын изилдөө милдет катары карашкан эмес. Ошол эле мезгилде чет элдик изилдөөчүлөр И. А Зимняя, В. И. Байденко, И. Л. Виам, М. Н. Вятютнев, Н. И. Гез, И. А Мальцева, Д. Равен, В. В. Сафонова, Ю. В. Слезко, Р. Уайт, Э. М. Шульгина ж.б. бул проблемага кайрылышкан. Кыргыз Республикасында бул көйгөй Н. А. Ахметова, К. А. Биялиева, К. Д. Добаева, Г. Дүйшөнбекова, А. А. Жолчиева, Д. Д. Куттубаева, Т. А. Маковка, Сартбекова Н. ж.б. эмгектеринде негизинен коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруу көйгөйлөрү чагылдырылып, социалдык компетенттүүлүк көмүскөдө калган. Студенттердин социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери Н. А. Асипованын, Н. Д. Гальскова, Н. И. Гез, И. Г. Захарова, И. А. Зимняя, И. А., В. Н. Куницына, С. А. Хазова эмгектеринде орун алган.

Изилдөөнүн проблемасын иреттештирүү жана багыт берүү мындай маселелерге мүмкүнчүлүк берет: чет тилин окутуу процессинде ЖОЖдун студенттеринин социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун жана аларды кантип ишке ашыруу керек деген проблеманы жаратат. [1, 144-б.]. Маселенин мындай коюлушу педагогика илиминин жаңы коомдук муктаждыктарга жана заманбап тенденцияларга ылайык изилдөө талабын мүнөздөйт. Өнүктүрүү системасы адеп-ахлактык сапаттарын, инсандык, кесиптик жана социалдык-психологиялык жактан адистик даярдыгынын алардын биримдигинин чегиндеги, изилдөө керектигин көрсөтөт. Ушул өнүттөн алганда:

Изилдөөнүн максаты: болочок адистердин чет тили аркылуу социалдык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн усулдук жолдорунун системасын аныктоо.

Изилдөөнүн объектисин жогорку окуу жайдын студенттеринин кесиптик компетенттүүлүгүн түзөт.

Изилдөөнүн предмети: чет тилин окутуу процессинде ЖОЖдун студенттеринин социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары деп аныктоо болот.

Изилдөөнүн гипотезасы: болочок адистердин социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу натыйжалуу болот, эгерде:

- социалдык компетенттүүлүктү калыптандырууга түрткү боло турган, чет тилин окутуу процессинде социалдык компетенттүүлүккө байланыштуу темаларды тандоо жана структуралаштыруу;
- социалдык компетенттүүлүктү калыптандырууда чет тилин окутуунун инновациялык технологияларын пайдалануу;
- социалдык компетенттүүлүктү калыптандырууга көмөк көрсөтүүчү студенттер менен аудиториядан тышкары иштерин уюштуруу. [4, 111-б.].

Белгиленген максатка, гипотезасына, изилдөөнүн обьектисине, предметине ылайык төмөнкүдөй милдеттер аныкталат:

1. Изилдөө проблемасын теориялык талдоонун негизинде «социалдык компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн жана аны менен байланыштуу түшүнүктөрдүн маңызын аныктоо жана тактоо;
2. Чет тили сабактарда студенттердин социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинин натыйжалуулугун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу;
3. Адистердин социалдык компетенттүүлүк деңгээлин диагностикалоонун критерийлерин жана методикасын иштеп чыгуу жана негиздөө;
4. Жогорку окуу жайларындагы чет тили сабактарда студенттердин социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугун тажрыйбалык-эксперимент аркылуу текшерүү;

Белгиленген милдеттерди биринчисин ишке ашыруу социалдык компетенттүүлүк түшүнүгүнүн маңызы манисин ачууну талап кылат. [5, 140-б.].

Социалдык компетенттүүлүгүн диагностикалык белгилери болуп төмөнкүлөр саналат: өз алдынча билүүнүн курууга баскычтарын баалуулуктарды; өз алдынча негиздөөгө тандоо жүрүм-турумунун негизинде өз ыктыяры менен шайланган баалуулуктарды; албетте ой жүгүртүү, ырааттуу өз алдынча ээлик кылуу техника, тил сабаттуулук; психикалык өз алдынча башкаруу жана өзүн-өзү жөнгө салуу-өзүнүн эмоционалдык абалын ээлик кылуу, психосексуалдык сабаттуулук жана ден соолук технологиялар; түшүнүү баалуулуктардын негиздерин үй-бүлөнү, ата мекендин, жамааттын, мамлекеттин, кесиптин адистиги; максаттуу түшүнүү, негизги чөйрөлөрүн, коомдун социалдык институттардын, мамилелердин, нормалардын; билүү жүзөгө ашырууга коммуникациялык, экономикалык, укуктук жана башка жарандык технологиялар; билүү моделди оптималдуу жана туюк сценарийлер жашоо билимдердин негизинде техника пландоонун ар кандай варианттарын кесиптик жана үй-бүлөлүк жашоо. Аталган сапаттар социалдык компетенттүүлүк түзүмүнүн бардык компоненттеринин артыкчылыктуу диагностикалык белгилери болуп саналат.

***Адабияттар***

1. *Асипова Н. А. Социально-педагогическая поддержка студентов и ее влияние на подготовку будущих педагогов. / Н. А. Асипова // Вестник ТГПУ — 2019. -№ 8. — С. 3–5.*
2. *Асипова Н.А, Мамырова М. И. Студенчество как особая социальная группа в контексте этнокультурной социализации / Н. А. Асипова, М. И. Мамырова // Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. — Бишкек, 2018. — № 6 — С. 175–179.*
3. *Сартбекова Н.К Болочок инжинерлердин башка тилдуу коммуникациялык компетенттуулугун калыптандыруунун илимий — педагогикалык негиздери / Н. К. Сартбекова — Бишкек — 2017. — 7-б.*
4. *Лапидус Б. А. Проблемы содержания обучения иностранному языку в языковом вузе / Б. А. Лапидус — Москва: Высш. шк., 1986. — 144 с.*